УДК: 94:316.347(374).2(04)

**Эралиев Салайдин Нуралиевич,** к.и.н., доцент.
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

**КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖУМУШЧУ КЕСИПТЕРГЕ ДАЯРДООЧУ ОКУУ ЖАЙЛАР ЖАНА АЛАРДА ЖУМУШЧУЛАРДЫ ДАЯРДОО МАСЕЛЕЛЕРИ (1980-жж.)**

**Ералиев Салайдин Нуралиевич,** Кандидат технических наук, доцент.
Кыргызский национальный университет имени Жусупа Баласагына

**ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЕ ШКОЛЫ В КЫРГЫЗСТАНЕ И ПРОБЛЕМЫ ПОДГОТОВКИ ИХ РАБОТНИКОВ (1980-е гг.)**

**Eraliev Salaidin Nuralievich,** Candidate of technical sciences, docent.
Kyrgyz National University named after Jusupa Balasag

**PROFESSIONAL SCHOOL IN KYRGYZSTAN AND THE PROBLEM OF WORKER TRAINING IH RABOTNIKOV (1980s)**

**Аннотация.** Кыргызстанда жумушчу кадрларды даярдоо үчүн совет бийлиги орногондон баштап атайын окуу жайлар ачыла баштаган. Совет мезгилинин акырында алардын саны 100дөн ашкан. Бирок өнөр жай ишканаларына даярдалган жумушчулардын аз гана бөлүгү аталган окуу жайларда даярдалган. Алардын арасында кыргыздардын саны бир топ эле аз болгон.

**Негизги сөздөр.** Шаар, өнөр жай, жумушчу, кесиптик билим берүү, ФЗШ мектеби, кесипчилик-техникалык окуу жайлар, адистик.

**Аннотация.** Для подготовки рабочих кадров Кыргызстана открывались специальные учебные заведения с первых лет установления советской власти. К концу советской власти их было более 100. Однако они подготовили лишь малую часть рабочих промышленности, а количество кыргызов среди выпускников вышеназванных учебных заведений были незначительными.

**Ключевые слова.** Город, промышленность, рабочий, профессиональное образование, школа ФЗУ, профессионально-технические училища, специальность.

Кыргызстанда кесиптик билим берүүнүн башаты Совет бийлиги орногон алгачкы мзгилдерден башталат. 1917-ж. Пишпек шаарында айыл-чарба машиналарын куруу техникуму, 1918-ж. кол өнөрчүлүк окуу жайы ачылат. [32, 7-б]. Фабрика-заводдук шакиртчилик окуу жайы(ФЗУ мектеби) 1923-ж. Кызыл-Кыя шаарында ачылган [7, 9-б.], кийинчерээк башка шаарларга тарала баштайт. 1927-1928-окуу жылында кесипчилик мүнөздөгү мектептерде 1175 киши окуса, анын 67%ын кыргыздар, ал эми 13%ын башка жергиликтүү калктардын өкүлдөрү түзгөн[33, 8-б.]. 1929-ж. август айында өткөн ВКП(б) Кыргыз обкомунун III биргелешкен Пленумунун чечимдерине ылайык ири ишканаларда ФЗУ мектептери, ал эми майда ишканаларда бригадалык-өндүрүштүк окуу: өнөр жай, курулуш окуу жайлары, кыска мөөнөттүү окуулар ачылды [19].

1929-1940-жж аралыгында республикалык өнөр жайда жаңы тармактар пайда болуп, алар үчүн квалификациялуу кадрларды даярдоо максатында жаңы ФЗУ мектептери ачылып турган. Аталган мектепте сабатсыздыгы эми эле жоюлган же башталгыч билими бар кишилер окуган. Кыргыз жаштарынын көпчүлүгү коомдук пикирден улам жана үй-бүлөлүк шартка байланыштуу окууну таштап кетишкен. Ошонун айынан аз гана киши бүтүрүп чыга турган. Окуу китептеринин жоктугу, материалдык базанын начардыгы ойдогудай адистерди даярдап чыгарууга кедергисин тийгизген. Анын үстүнө өнөр жай үчүн квалификациялуу кадрларды даярдоо боюнча бирдиктүү орган болгон эмес, ар кайсы тармактарда өз алдынча ачылган ФЗУ мектептери тармактык комиссариаттарга баш ийчү [7, 13-б]. 1930-жж. аягына карата ФЗУ мектептери азайып

кеткен. 1938-1939-окуу жылында 6 гана ФЗУ мектеби калган[33, 12-б.].

1940-ж. баштап квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоодо жаңы этап башталат - СССР эмгек резервдеринин мамлекеттик системасы түзүлүп, ага караган кесиптик техникалык окуу жайларга жаштар чакырыла баштайт. Эмгек резервдеринин башкармалыгы Кыргызстанда 1942-ж. түзүлөт жана бардык мектептер анын карамагына берилет[15, 210-б]. Башкармалыктын карамагында кол өнөрчүлүк, темир жолдук окуу жайлары жана фабрика-заводдук окуучулук(ФЗО) мектептери болгон[33,12-б.]. 1943-ж. Башкармалыктын бардык окуу жайларында 5924 окуучу окуган, алардын 942и гана жергиликтүү улуттардан эле [7, 31-б]. ФЗО мектептерине кабыл алынгандардын көпчүлүгү кетип калышкан. Жатакана жетишкен эмес, окуучулардын көбү квартира жалдап жашаган, кийим кече менен өз убагында камсыз болгон эмес [7, 37-б].

1942-45-жж эмгек резервдеринин мектептеринде жана окуу жайларда кыргыздар 27,4% түзгөн[7, 38-б]. 1946-жж. СССР эмгек резервдер министрлиги түзүлүп, Кыргызстанда аталган министрликтин республикалык башкармалыгы уюшулат. 1948-жылдын аягы – 1949-ж башында кесипчилик окуу жайларын кайра уюштуруунун натыйжасында 12 өнөрчүлүк жана темир жол окуу жайы, 5 ФЗО мектеби калган. Аларда 2192 окуучу окуган[7, 64- 68-бб]. Бул окуу жайларда жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү азайып кеткен. Алардын саны 1947-ж. Кыргызстан КП(б) БКнын XXII Пленумунан кийин көбөйө баштады. 1942-ж алар окуу жайларда 22,6% болсо, 1949-ж. 75% га, ФЗО мектептеринде 51,5% дан 62,5% га жеткен [7, 74-б].

Кыргызстан КП(б) V съезди Кыргызстан КП(б) БКны, Министрлер Советин, облустук, райондук партиялык жана советтик органдарды, министрликтерди жана өнөр жай ишканаларынын жетекчилерин ФЗО мектептерине, өнөрчүлүк окуу жайларына жана техникумдарга жетекчиликти түп тамырынан жакшыртууну, жергиликтүү улуттардан кадрларды окутуп даярдоо жана өндүрүштө иштеп калуусу үчүн зарыл чараларды көрүүгө милдеттендирген[28, 96-97-бб].Өзгөчө өнөр жайда, транспортто жана байланышта кыргыз кыз келиндери өтө аз болгон. Ошондуктан мектептерге жана окуу жайларга алынуучулардын жалпы санынын 30-40%ын кыргыз кыз келиндери түзүүгө тийиш деген чечим чыккан. Комсомолго жана Агартуу министрлигине кыргыз кыздарды жумушчу жаштардын кечки мектебине толугураак тартуу милдеттендирилип, Өкмөткө техникумдар үчүн чыгарылган массалык-техникалык китептерди кыргыз тилинде басып чыгарууну карап көрүү тапшырылган[40]. Аталган окуу жайда окуган кыргыздардын саны 1946-ж. 27,4% дан 1953-ж 40%га жеткен[7, 98-б].

1954-ж. тарта орто билимдүү жаштардан жумушчу кадрларды даярдоо максатында техникалык окуу жайлар ачыла баштады. Өнөр жай жана турак жай курулуштарынын кеңири кулач жайышына байланыштуу алтынчы беш жылдыкта курулушчуларды даярдоочу окуу жайлар көбөйө баштаган. 1958-ж. эмгек резервдер системасында 22 окуу жайы болгон. 1951-1958-жж. даярдалган жумушчулардын 34%ын кыргыздар түзгөн[33, 22-23-бб.].

1951-1958-жж. Башкармалыктын мектептери өнөр жайга, курулушка жана транспортко 8370 квалификациялуу жумушчу даярдаган, бирок алар бардык даярдалган жумушчулардын 20%ын гана беришкен [15, 399-400-бб.].

1956-ж. тартып республиканын мектептеринде өндүрүштүк окуу киргизилет, ал эми 1958- жылдан баштап ишканаларга орто билимдүү жаштар кабыл алына баштайт [15, 403-б.].

1959-ж июнда союздук өкмөттүн чечими менен Эмгек резервдеринин мамлекеттик системасы Кесиптик-техникалык билим берүүнүн башкы башкармалыгы болуп кайра түзүлдү. Бир типтеги шаардык(ГПТУ) жана айылдык(СПТУ) кесиптик-техникалык окуу жайлар түзүлө баштады. 1959-1960-окуу жылында 24 окуу жайы 39 кесип боюнча жумушчуларды даярдаган[33, 23-24-бб.].

1962-ж. кесиптик-техникалык окуу жайлар адистештирилди. 1966-1970-жж. бул окуу жайларында 54918 жумушчу даярдалган. Алардын 30,9%ы гана кыргыз жаштары болгон[1, 13-14-бб]. 1970-ж. тартып орто билим берүүчү кесиптик-техникалык окуу жайлар түзүлө баштайт. 1973-ж. Кыргызстанда 63 кесиптик-техникалык окуу жайы болсо, алардын 24ү шаарларда жайгашып, өнөр жай ишканалары үчүн жумушчуларды

даярдаган. 1980-1981-окуу жылында бардык КТОЖдор орто КТОЖдорго айландырылды[31, 10-б.]. Кесиптик-техникалык окуу жайлардын саны 1980-жж. 120дан ашты, аларда 1987-ж. республикалардагы жумушчулардын үчтөн бирине жакыны даярдалган. Даярдалган адистердин көпчүлүгү колхоз, совхоздорго ж.б. айыл-чарба ишканаларына жиберилген, ал эми өнөр жай менен курулушка аз жиберилет[18, 60-б.], себеби, алардын 80%ы айыл-чарба, соода ж.б. тармактар үчүн кадрларды даярдаган[11, 19-б].

Индустриалдык кадыр барктуу жумушчу кесиптерине даярдоочу кесипчилик техникалык окуу жайлары негизинен шаарларда жайгашкан[27, 120-122-б.], ал эми аларда окуган кыргыз жаштары 20%ды гана түзгөн[39, 339-б.]. Алардын да көпчүлүгү жеңил өнөр жайы, соода ж.б. тармактар үчүн жумушчуларды даярдаган окуу жайларда окушкан.

Өнөр жайдын жеңил, тамак-аш ж.б. тармактарында аялдардын эмгеги үстөмдүк кылат. Ал эми кыз-келиндерден жумушчу адистиктерди даярдоочу кесиптик-техникалык окуу жайлары ишканалардын базасында гана ачылып, чоң шаарларда жайгашкан. Мисалы, тамак-аш өнөр жайына жумушчуларды даярдаган №10, текстиль, тигүүчү жана бут кийим жасоочу өнөр жайына жумушчу адистерди даярдоочу №17 окуу жайлары Фрунзеде жайгашкан. №11, 16 кесиптик- техникалык окуу жайлары Ош шаарында жайгашып, текстиль, жибектен кездеме токуучу, тигүү-бут кийим жасоо ишканалары үчүн жумушчу адистерди даярдашат. Майли-Сай шаарында электр лампочкаларын жасоо заводу ачылганда анын базасында кыздардан электротехникалык өнөр жайы үчүн жумушчу адистерди даярдоочу №2 ТУ ачылат. Кыргыз кыз-келиндерден жумушчуларды даярдоо үчүн мындай окуу жайларды башка шаарларда жана айыл жерлеринде ачуу максатка ылайык болмок, бирок ал колго алынган эмес. Окуу жайы жетишпегендиктен аталган тармактардын жумушчуларын басымдуу көпчүлүгүн түздөн-түз өндүрүштө даярдоого мажбур болушкан. Алардын үчтөн бирин аялдар түзөт[10, 130-134-бб.]. Мында тармактык принцип – ар бир ишканага өзүнчө окуу жайы, - деген принцип үстөмдүк кылган. Ошентип, КТОЖду жайгаштырууда да аймактык өндүрүштүк кызыкчылыктар эске алынган эмес[2, 13-б].

XXк. 80-жж. Фрунзе шаарында 97 адистик боюнча жумушчуларды даярдаган 19 гана окуу жайы болгон.Аларда жергиликтүү улуттун окуучулары 52%ын түзгөн, бирок алардын 15%ы гана ИТП менен байланышкан кесиптерде окушкан[39, 397-398]. Ошол эле учурда кесиптик-техникалык даярдыктан өткөн жаш жумушчуларды ишканаларда өз кесиби боюнча пайдаланышкан эмес[35, 80-б.]. Алдыңкы тармактар үчүн жумушчуларды даярдаган Бишкектин окуу жайларында кыргыздар 80-жж. орточо 15%ды гана түзгөн [39, 397-398-бб].Көрүнүп тургандай башынан эле кесиптик билим берүү окуу жайларында жумушчулар өндүрүштүн өзүндөгүгө караганда аз даярдалган.Ал эми кыргыз улутунан даярдалган жумушчулардын саны андан да аз болгон. Индустриалдык кадыр-барктуу жумушчу кесиптерин даярдоочу кесипчилик-техникалык окуу жайлары негизинен шаарларда жайгашкан, ал эми аларда окуган кыргыз жаштары 20%ды гана түзөт[26, 24-б.].

Жеңил өнөр жайына, соодага ж.б. айрым тармактарга кадрларды даярдаган окуу жайларда кыргыздардын саны 80%ды түзсө, машина куруу үчүн кадрларды даярдаган окуу жайларда (№№ 96, 99, 100) кыргыздардын үлүшү 11-16%ды, транспорт үчүн (№97) – 19%ды, курулуш үчүн (№5) – 35%ды түзгөн[26, 78-б; 113, 64-б.]. Мунун себеби абитуриенттердин билим денгээлине талаптын ар түрдүүлүгүндө. Билимге коюлган талап төмөн болгон окуу жайларга айыл мектебин бүтүргөндөр, ал эми жогорку теориялык даярдык талап кылынга окуу жайларга шаар мектептеринин бүтүрүүчүлөрү барышат. Дагы бир себеби - айыл мектептерин бүтүрүүчүлөрдүн орус тилин начар билгендиги. Мисалы, айыл жерлеринде өткөрүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөргө караганда суралгандардын 5,5 пайызы гана орус тилин мектепте үйрөнүшкөн[4, 175-б.].

Республиканын кесипчилик-техникалык билим берүү системасынын өзүндө да бир топ кемчиликтер болгон. Алардын көбү окутуунун жогорку сапатын камсыз кыла албайт, материалдык-техникалык базасы начар. Бир катар министрликтерге караган кесипчилик-техникалык окуу жайлар жабдуулар, керектүү материалдар менен камсыз болгон эмес, жатакана, ашкана, спортзалдар менен

жарым-жартылай камсыз болгон, практика начар уюштурулат. Кесипчилик-техникалык окуу жайлардын жарымы гана ыңгайлуу шарты бар имараттарда жайгашкан[37]. 1980-жж. ортосуна карата КТОЖдун окуу-өндүрүштүк базасы өсүп бараткан муктаждыктан бир кыйла артта калган. Аларда 24 миң орун жетишкен эмес, ал эми окуучуларды кабыл алуу жылдан жылга өсүп отурган [2, 12-13-бб.]. Массалык кесиптеги жумушчуларды даярдоо жана пландаштыруу системасы өркүндөтүлбөгөн, бүтүрүүчүлөрдүн өндүрүштө иштеп калышына тийиштүү көңүл бөлүнбөйт. Ушундай себептерден улам жеңил өнөр жайы үчүн кадрларды даярдаган № 11 (Ош шаары) кесипчилик-техникалык окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн өндүрүштө иштеп калуусу 25-30%ды гана түзгөн[5, 53-б.]. 1980-жж. аягында Ош, Кызыл-Кыя, Жалал-Абад, Фрунзе (Бишкек), Талас шаарларында кесипчилик-техникалык окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгүнө алган адистиги боюнча жумуш берилген эмес[6, 57-б.], айрым учурларда бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу үчүн педагогикалык коллектив көп азап чеккен. Себеби, ассортименттер эреже катары беш жылда бир жолу алмаштырылып турат. Ошондуктан айрым кесипчилик-техникалык окуу жайларда өндүрүштө талап кылынбаган адистиктерге даярдашат, алардын көпчүлүгү квалификациясын алмаштырууга мажбур болот[38]. Окуу жайлардын баарында эле жалпы билим берүүчү жана адистик боюнча сабактар өндүрүш менен байланыштырылып өтүлбөйт, сабактарды өтүүдө дайыма эле жогорку деңгээл камсыз кылынбайт, өндүрүштүк практикалар да өз деңгээлинде өткөрүлбөйт. Көпчүлүк учурда окуучулар өндүрүштүк практиканын ордуна чарбалык иштерге жөнөтүлгөн[2, 16-б]. Айрым ишканалардын жетекчилери өздөрү үчүн кадр даярдап жаткан кесипчилик-техникалык окуу жайлардын муктаждыктарына тийиштүү көңүл бурушкан эмес. Андай окуу жайлардын окуучулары, сөзсүз, зарыл болгон эмгектик тажрыйба ала алмак эмес[5, 60-б.]. Фрунзе(Бишкек) шаарындагы “Киргизия” фирмасы, Электровакуумдук машина куруу заводу, В.И.Ленин атындагы станок куруучу завод, М.В.Фрунзе атындагы айыл-чарба машиналарын куруучу завод, Майли-сайдагы Электролампа заводу өз окуу жайларында 1978-ж. кийин бир да жаңы станок берген эмес[6, 60-б]. Натыйжада өндүрүшкө жаңы станоктор тууралу түшүнүгү да, аларда иштөө тажрыйбасы да жок бүтүрүүчүлөр келишет. Кесиптик-техникалык окуу жайларда тажрыйбалуу педагогдор да, мастерлер да жетишкен эмес[36]. Фрунзе (Бишкек) № 3 техникалык окуу жайында 1963-жылы орнотулганфрезердик, токардык жана бургулоочу станоктор алмаштырылбаган. Алардын айрым маркалары жаңырды, башкалары модернизацияланган. Аларды өндүрүшкө баргандар кайрадан үйрөнүүгө аргасыз болушат[8]. Ошол эле учурда ишканаларда алдыңкы, заманбап үлгүдөгү станоктор иштетилбей турган[20; 81, 24-б]. Ош облусундагы 45 кесипчилик-техникалык окуу жайынын айрымдарынын гана материалдык-техникалык базасы ойдогудай эле[31, 11-12-бб.].

Кесипчилик-техникалык окуу жайларына да дайыма эле өз каалоосу менен окууга дилгир уландар келген эмес. Тескерисинче, кесипчилик-техникалык окуу жайларына мектептеги окуусу, тартиби начар окуучуларды жиберишкен[33, 43-б.]. Билим берүү боюнча мамлекеттик комитет (СССР боюнча) бир нече сабактан жетишпеген окуучуларды класстан класска көчүрүүгө уруксат бергенден кийин кесипчилик-техникалык окуу жайларга балдардын келүүсү эки эсеге кыскарып кеткен[38]. Көрүнүп тургандай, кесипчилик-техникалык окуу жайлардын кабыл алуу планын толтуруу үчүн мектептерде сабактарынан жетишпеген окуучуларды жиберүү адатка айланган. Бул, бир жагынан кесипти жетишсиз үйрөнгөндөрдү көбөйтсө, экинчи жагынан, аталган окуу жайлардын кадыр-баркын көз көрүнөө түшүргөн.

Башка союздук республикалардын окуу жайларына улан-кыздарды жиберүү жолу менен да жумушчу кадрлар даярдалган. Россия Федерациясынын жана Украинанын кесипчилик-техникалык окуу жайларына 1986-1988- жылдары эле 1,5 миңге жакын улан-кыз жиберилген. Алардын 78%ын түпкү улуттун өкүлдөрү түзгөн[6, 57-б]. Бирок, текстил, тигүүчүлүк өнөр жайынын, курулуш, соода жана коомдук тамак аш кесиптерине даярдоочу окуу жайлардын республикада жетиштүү экенине карабай сыртка жиберилген улан-кыздар аталган кесиптер боюнча даярдыктан өтүшкөн[18, 62-63-бб.]. Ошондуктан сырттан бүтүп келген ади-

стер жумушка орношо алган эмес. Мисалы 1987-1988 жылдары бүтүп келген 840 бүтүрүүчүнүн 400ү гана араң жумушка орноштурулган[12, 57-б.].

Кыргызстандан барган улан-кыздар аталган республикалардын жаштары баргысы келбеген окуу жайларга, ишканаларга жиберилет. Аларды турмуш-тиричилик, эмгек шарты канааттандырган эмес, натыйжада көпчүлүгү окуусун, жумушун таштап кетүүгө аргасыз болушкан[17]. Кесиптик-техникалык окуу жайлардын өнүгүшүндө да административдик – буйрукчул принцип үстөмдүк кылган. Ал даярдалып жаткан адистердин санын көбөйтүүгө багытталган. 1987-ж. баштап кесипчилик-техникалык окуу жайлар адистерди ишканалар менен түзүлгөн келишимдин негизинде даярдоого өтүштү[18, 61-62-бб]. Кыргызстан өз алдынчалыкка жетишкенден кийинки алгачкы мезгилдерде кесипчилик-техникалык окуу жайларда эмгек рыногунун талабына жараша бир топ өзгөрүүлөр болуп өттү. 1993-1994-окуу жылынан баштап кесипчилик-техникалык окуу жайларында жалпы билим берүүчү сабактар жоюлуп, түздөн түз кесипке гана даярдоого өтүштү[31 , 13-б].

Милдеттүү түрдөгү орто билим берүүгө өтүү мектептердин жогорку класстарында кесипке даярдоо менен коштолду. Кыргызстан шаарларында милдеттүү орто билим берүү 1950-жж. биринчи жарымында киргизилген. 1958-ж. ССС Жогорку Совети “Мектептин турмуш менен байланышын чыңдоо жана СССРде билим берүү системасын андан ары өнүктүрүү жөнүндө” мыйзам кабыл алат. Ушундай эле мыйзамды 1959-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин кезектеги сессиясы да кабыл алган [23, 487-б]. Окуучуларды өндүрүштүк ишке даярдоо максатында өндүрүштүк экскурсиялар, лабораториялык жумуштар уюштурулуп, ишканаларда жумуштарга тартыла баштаган. Мектептерде устаканалар, табигый-техникалык профилдеги кабинеттер түзүлгөн [14, 351-353-бб]. Бирок 1958-1959-жж. мектепте окутууну чектелген адистикке багыттоо жалпы билим деңгээлинин төмөндөшүнө алып келген [24, 45-б].

1970-1980-жж. өлкө мектептеринин жалпыга милдеттүү орто билим берүүгө өтүүсү аяктайт. Толук орто билим берүүнүн базасы бир кыйла кеңеет, 10 жылда ала турган билим да өзгөрөт. Мектептердин материалдык базасы гана эмес, мугалимдердин курамы да өзгөрөт. Бир катар предметтердин программасындагы айрым бир бөлүмдөр жогорку класстарга которулуп, тереңдетилип окутула баштаган. Татаалдыгы жогорулатылган мектеп программалары окуучулардын билим деңгээлин жана сапатын көтөрүүнү алдыга чыгарды [3, 64-65-бб]. Бирок мектептердин саны өскөн эмес. Билим берүү чөйрөсүндөгү маанилүү өзгөрүүлөр эски материалдык-техникалык базанын негизинде ишке ашырылган. Республикаларда 1000 кишиге эсептегенде болжол менен 2ден мектеп туура келген. Кыргызстан мектептеринде окуучуларга орун жетишпеген республикалардын катарына кирген. Атайын предметтерди окутуу боюнча техникалык жабдуулар борбор шаарлардын мектептеринде гана жакшыраак эле [3, 37-б].

1980-жж. мектеп окуучуларын эмгекке үйрөтүүнүн политехникалык негизде түзүлгөн жаңы программалары иштелип чыккан. Аларда илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктери толугураак эске алынып, окуучуларды өндүрүштүн жана экономикалык илимдердин негиздери менен тааныштыруу иштери жүргүзүлгөн. 1-7-кл. эмгекке окутуу сааты эки эсе көбөйтүлгөн. 8-11-кл. окуучуларына кээ бир кесиптердин теориялык окуусу киргизилип, ОӨК(окуу өндүрүштүк комбинаттар)да, өндүрүш участокторунда практикалык жумуштарды аткаруу каралган[33, 44-б.]. Бирок, айылдардагы мектептерде кол эмгек сабагы өз деңгээлинде өткөрүлгөн эмес, атайын даярдалган адистер да жетишпейт, ошондуктан мектеп бүтүрүүчүлөрү завод-фабрикалардагы эмгек тууралу түшүнүк алышпайт[21].

Ошол кездеги орто мектеп жаштарды көбүнчө жогорку окуу жайларга кирип окууга даярдоого, акыл эмгегинин кызматкерлерине зарыл болгон сапаттарды калыптандырууга багытталган. Ошентсе да бүтүрүүчүлөрдүн аз гана бөлүгү жогорку окуу жайларга киришкен, ал эми көпчүлүк бүтүрүүчүлөр кара жумушта иштөөгө мажбур болот [24, 46-б].

КПСС БК 1983-ж. июль Пленуму жалпы билим берүү жана кесиптик мектепте окуучуларды даярдоону өркүндөтүү маселесин караган жана аталган мектептерди реформалоо башталган. Ал боюнча толук орто би-

лим тогуз жылдык орто мектепте берилет, ал эми 10-11 класстарда эмгекке тарбиялоо массалык кесиптерге ээ болуу менен айкалыштырылат [24, 47-б.].

Илимий-техникалык жана социалдык-экономикалык прогресстин тездеши өсүп келаткан муунду кесипке багыттоо, аларды эмгектенүүгө даярдоонун ролун жогорулатат. Ал орто мектепти аяктагандан кийин дароо эле өндүрүштө иштөөгө кирише турган бүтүрүүчүлөрдүн санын көбөйтүүнү талап кылат. Кесиптик-техникалык окуу жайлары тез өнүгүп бараткан өнөр-жайды кадрлар менен жетиштүү камсыз кыла алган эмес. Ошондуктан квалификациялуу кадрларды даярдоо проблемасын мектепсиз чечүү мүмкүн эмес эле[22, 28-б.].

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин жогорку класстарынын окуучуларын эмгекке жана кесип тандоого даярдыгын жакшыртуу максатында СССР Министрлер Совети 1974-ж. августта "Окуучуларды эмгекке окутуунун жана кесипке багыт берүүнүн мектептер аралык окуу-өндүрүштүк комбинаттарын уюштуруу жөнүндө" токтом кабыл алат. 1974-ж. декабрында Кыргыз ССР Министрлер Совети "СССР Министрлер Советинин 1974-ж. 23-августундагы токтомун ишке ашыруу жөнүндө" токтом кабыл алат[22, 46-б.]. Аталган токтом ишканалар менен бирдикте аталган комбинаттарды түзүүгө уруксат берген.

Окуу-өндүрүштүк комбинаттардын милдети төмөндөгүдөй эле: окуучуларды ишканалардагы эмгек процесси жана жумушчулардын эмгегинин мазмуну менен тааныштыруу, келечектеги кесибин аң-сезимдүү тандоого даярдоо максатында кесипке багыт берүү, тандап алган кесиби боюнча алгачкы көндүмдөргө үйрөтүү.

Ишкананын жетекчилерине аталган комбинаттарда окуу цехтерин, участокторун, кабинеттерди, лабораторияларды уюштурууга, аларды жетектөө үчүн тажрыйбалуу жумушчуларды, инженердик-техникалык кызматкерлерди бөлүп берүүгө уруксат берилген.

1978-ж. мартта Кыргызстан Компартиясынын БК менен Кыргыз ССР Министрлер Совети мектептер аралык окуу өндүрүштүк комбинаттардын, окуу цехтеринин жана участоктордун программасын бекитет. Окуу-өндүрүштүк комбинаттары заманбап жабдуулар менен жабдылып, адистер окуучуларга өз тажрыйбасын үйрөтүү менен бирге, эмгекке, жумушчу кесибине урматтоо менен мамиле кылууга тарбиялашы зарыл эле.

Бирок ишканалардын баары эле ага жоопкерчилик менен мамиле кылган эмес. 1979-ж. чейин курулушта жумушчулар жетпей жаткандыгына карабастан тийиштүү уюмдар мектеп окуучулары менен иш жүргүзгөн эмес[22, 47-48-бб].

Бишкек шаарынын Ленин районундагы Окуу-өндүрүштүк комбинатында (ӨӨК) иш жакшы жүргүзүлгөн. Аларда окуган окуучулардын теңине жакыны кийин ишканаларга жумушчу болуп орношот. Бул жерде кесипке багыт берүүнүн өзгөчө системасы калыптанган: окуучуларды политехникалык жактан даярдоо, кесиптик диагностика, кесиптик агартуу, кесиптик кеңеш берүү жана кесиптик адаптация[22, 52-б].

Бишкек шаарында жайгашкан башка да айрым орто мектептер жаштарга кесипке багыт берүүдө жана аларды жумушчу кесипке даярдоодо алгылыктуу иштерди жүргүзүшкөн. №44-мектепте окуучулар токарь, тигүүчү, столяр, айдоочу кесибин алышып, шаардын завод-фабрикаларында жумушка орношуп турушкан. Ошентсе да шаардагы окуучулардын кесип тандоого жоопкерсиздик менен мамиле кылаары, алардын көпчүлүгү өз шык-жөндөмүнө ылайык келбеген кесиптерди тандаары белгилүү болгон. Изилдөөчүлөр тарабынан мектепте ар бир мугалим өз сабагында окуучуларга жумушчу кесиби боюнча түшүнүк бере ала турган сунуштар иштелип чыккан. Бирок, тилекке каршы, ал орус тилинде жазылган, анын үстүнө тиражы да өтө аз болгон [30, 99-б].

1985-ж. Кыргызстанда 43 мектептер аралык ӨӨК, 65 окуу цехтери, участоктору, 102 окуу-өндүрүштүк бригадалар, 258 эмгек жана эс алуу лагерлери иштеген. 1985-1986-окуу жылында республикада базалык ишканалар тарабынан 6 миң жумушчу орун жабдылган, Фрунзе шаарынын ишканалары 2358 жумушчу орунун жабдыган [22, 54- 55-бб].

Мектептерди өнөр-жай ишканалырына бекитүүдө мектеп менен да, ишканалар менен да кеңешпей маселе жогору жактан формалдуу түрдө чечилген. Бул дайым эле каалаган натыйжаларга алып келген эмес. Мисалы, В.И.Ленин атындагы завод шаарда-

гы 4 мектепти шефке алган. Завод ал мектептердин муктаждыгына жардам берет, бирок аталган заводго ал мектептерден 3-4 эле бүтүрүүчү жумушка орношот [25]. Айыл жериндеги метептер механизаторлорду даярдашат, бирок аларга мезанизатор болуп иштөөгө уруксат берилбейт. Айыл-чарба кадрларын даярдаган менен жаштар шаарларга кетүүгө мажбур болушкан[34]. Айыл мектептери 1950-1960-жж. деңгээлиндеги жолой менен иштөөсүн улантып жатышты. Окутуу системасы окуучулардын таламдарына да, чарбанын муктаждыктарына да туура келген эмес. Мектептеги баштапкы кесиптик билим берүү жаштарды көмөкчү иштерге гана жарамдуу кылып чыгарган. Мектепти бүтүп жаткан окуучулардын 6,3%ы гана кошумча даярдыксыз иштей алат эле[9].

Борбордогу №42-мектеп Көзөмөлдөө-өлчөө приборлорун жасоо заводуна бекитилген. Мектептин окуучулары заводдо примитивдүү иштер менен алек болушат. Заводдун жабдуулары эски. Кайра куруу-га чейинки эрежелер жаңы чарбалык эсеп шартында балдардын эмгегин эсепке алууну татаалдантат. Бул өз кезегинде балдарды жумушчулук кесипти урматтоого, эмгекти сүйүүгө тарбиялоого кедергисин тийгизет. Окуучулар менен иштөөгө бөлүнгөн мастерлердин педагогикалык тажрыйбасы болгон эмес [29].

Кара-Балта шаарынын өнөр-жай, курулуш ишканалары да мектеп бүтүрүүчүлөрүн алардын окуу-өндүрүштүк комбинаттарда алган кесиптери боюнча жумушка алышкан эмес[16].

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, Кыргызстанда өнөр жай ишканаларынын көбөйүшү жана кеңейиши тиешелүү кесиптеги жумушчуларды даярдоочу окуу жайлардын ачылышы менен коштолгон. Бирок ал окуу жайлар өнөр жай ишканалары сыяктуу эле чоң шаарларда жайгашкан. Негизги массасы айылдарда жашаган кыргыздардын, өзгөчө мектепти аяктап жаткан жаш улан-кыздардын өнөр жай кесиптери боюнча тишелүү маалыматы болгон эмес. Себеби, аларды айыл чарбадагы тармактарда иштөөгө багытташкан. Ошондуктан алдыңкы өнөр жайлуу кесиптерге даярдаган кесиптик-техникалык окуу жайларга кыргыз жаштары өтө аз келген, ошондо да окутуу орус тилинде жүргүзүлгөндүктөн ал жерде тийиштүү даярдык ала алган эмес. Анын үстүнө Кыргызстандын кесипчилик-техникалык окуу жайлары саны көп болгон менен сапаттык абалы бир кыйла начар эле. Техниканын заманбап жетишкендиктерин пайдаланып иштей ала турган жумушчуларды даярдоого алардын материалдык-техникалык мүмкүнчүлүгү жеткен эмес. Сенек жылдарда аталган окуу жайлардын кадыр-баркы да төмөндөй баштаган.

**Адабияттар:**


1. Абытов, Б.К. Подготовка рабочих и инженерно-технических кадров для промышленности Кыргызстана во второй половине 60-х годов [Текст]: автореф. дис. ... канд. ист. наук / Б.К. Абытов. – Бишкек, 1994. – 19 с.
2. Адилбаев, Ж. Подготовка и повышения квалификации рабочих кадров Кыргызстана (1975-1985) [Текст]: автореф. дис. ... канд. ист. наук / Ж. Адилбаев. – Б., 1992. – 27 с.
3. Арутюнян, Ю.В. Многообразие культурной жизни народов СССР[Текст] / Ю.В. Арутюнян, Л.М. Дробижева. – М.: Мысль,1987. – 303 с.
4. Асанканов, А.А. Социально-культурное развитие современного кыргызского населения [Текст] / А.А. Асанканов. – Фрунзе: Илим, 1989. – 211 с.
5. Асанова, А. Главный резерв – люди [Текст] / А. Асанова // Коммунист Киргизстана. – 1988. – № 6. – С. 48-53.
6. Байбеков Г. Воспитанию рабочей смены – постоянную заботу[Текст] / Г. Байбеков //Коммунист Киргизстана. – 1989. – №3. – С. 55-60.
7. Бекмамбетов, Р. Деятельность Компартии Киргизии в процессе становления и развития трудовых резервов республики [Текст] / Р. Бекмамбетов. – Фрунзе: Мектеп, 1971. – 132 с.
8. Бекмамбетов, Р. Машыккан жумушчуларга зарбыз [Текст] / Р. Бекмамбетов // Кыргыз Туусу. – 1991. – 29-март.
9. Бектурганов, К. Молодежь 90-х [Текст] / К. Бектурганов // Слово Кыргызстана. – 1991. – 18 мая.
10. Бекходжаева, С. Социально-экономические проблемы труда женщин в народном хозяйстве Киргизии [Текст] / С. Бекходжаева. – Фрунзе: Илим, 1978. – 186 с.
11. Бозумова, К.А. Становление и развитие индустриальных рабочих Кыргызстана (историко-социологиче-

ский аспект) [Текст]: автореф. дис. ... канд. филос. наук / К.А. Бозумова. – Алма-Ата, 1992. – 22 с.
12. Власова, Т. Служба социального развития: опыт, проблемы [Текст] / Т. Власова // Коммунист Киргизстана. – 1989. – № 1. – С. 41-44.
13. Жумагулов, А. Кыргызстан: өз алдынчалыктын босогосунда [Текст]: [Кыргыз ТАГдын кабарчысынын суроолоруна Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председатели, СССР эл депутаты А. Жумагулов жооп берет] / А. Жумагулов // Ленинчил жаш. – 1990. – 31-март.
14. История Киргизской ССР: С древнейших времен до наших дней [Текст]: в 5-ти т. / гл. ред. К.К.Каракеев и др.; АН КиргССР, Ин-т истории. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – Т. 4: Киргизия в 1938-1960 гг. / редкол.: В.П. Шерстобитов (гл. ред.) и др. – 480 с.
15. История советского рабочего класса Киризии [Текст]. – Фрунзе,1966.
16. Казбанова, З. Операция "ищу работу"? [Текст] / З. Казбанова // Сов. Киргизия. – 1989. – 21 июля.
17. Камчиев, Ж. Ким алданат, ким алдайт?[Текст] / Ж. Камчиев // Ленинчил жаш. – 1989. – 28-дек.
18. Колосова, Л. Профтехобразование республики: проблемы, перспективы развития [Текст] / Л. Колосова // Коммунист Кыргызстана. – 1990. – № 2. – С. 60-63.
19. КП Киргизии в резолюциях и решениях конференций и пленумов обкома [Текст]. – Фрунзе: Кыргызстан, 1958. – Ч. 1: 1924-1936. – 603 с.
20. Кузьмин, Г. Кому нужны станки с ЧПУ [Текст] / Г. Кузьмин // Веч. Фрунзе. – 1988. – 17 июня.
21. Күчүбүз биздин – достукта [Текст] // Ленинчил жаш. – 1988. – 9-февр.
22. Макенбаев, Дж. Учить жизни, готовить к труду [Текст] / Дж. Макенбаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987. – 60 с.
23. Народнаое образование в СССР (1917-1967) [Текст] / под. ред. М.А. Прокофьева. – М.: Просвещение, 1967. – 543 с.
24. Оразмурадов, Б. Молодежь Средней Азии: труд, образование, профессия, быт [Текст] / Б. Оразмурадов, Д.И. Зюзин; отв. ред. Д. Байрамов – Ашхабад: Ылым, 1987. – 260 с.
25. Парышкура, М.И. [Выступление дир. Завода им. В.И. Ленина М.И. Парышкуры на Пленуме ЦК Компартии Киргизии][Текст] / М.И. Парышкура // Сов. Киргизия. – 1988. – 22 мая.
26. Патриотическое и интернациональное воспитание в трудовом коллективе[Текст]: (материалы респ. науч.-практ. конф., состоявшейся 4-5 дек. 1987 г., г. Фрунзе) / Центр. ком. Компартии Киргизии.– Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 664 с.
27. Рабочие профессии Киргизской ССР [Текст] / сост. Дж. С. Садыкова, А.А. Тайляков, К.Б. Бектуров, В.В. Еременко; Респ. учеб.-метод. каб. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 128 с.
28. Резолюция V съезда КП(б) Киргизии [Текст].– Фрунзе: Кыргызмамбас, 1949. – 120 с.
29. Ровный, Б. Школа и шефы [Текст] / Б. Ровный // Веч. Фрунзе. – 1988. – 10 марта.
30. Сейтешев, А. Ориентация школьников на массовые рабочие профессии [Текст] / А. Сейтешев, Т.Д. Оторова, Б.С. Тетенькин. – Фрунзе: Мектеп, 1972. – 100 с.
31. Ураимов, А. Развитие профтехобразования на Юге Кыргызской Республики в 50-80-х годах [Текст]: автореф. дис. ... канд. ист.наук / А.Ураимов. – Ош, 1994. - 22 с.
32. Урстанбеков, Б. Подготовка и воспитание молодой рабочей смены Киргизстана в условиях зрелого социализма[Текст] / Б.Урстанбеков. – Ф.: Кыргызстан, 1981. – 116 с.
33. Урстанбеков, Б. Жаш жумушчуларды даярдоо: Кыргызстандын кесипчилик-техникалык окуу жайларынын тарыхынан [Текст] / Б.Урстанбеков, Ч.Жакыпова. – Ф.: Мектеп, 1987. – 71 б.
34. Черкащенко, З.В. [Выступление пред. Колхоза "Победа" Тюпского района З.В. Черкащенко на Пленуме ЦК Компартии Киргизии] / З.В. Черкащенко // Сов. Киргизия. – 1988. – 22 мая.
35. Чернова, Е.П. Народонаселение Киргизской ССР в условиях развитого социализма [Текст] / Е.П. Чернова. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 136 с.
36. Чыныбаев, Ш.К. Кесипчилик окуу жайларында [Текст]: [Кыргыз ССРинин кесипчилик-техникалык билим берүү боюнча Мамлекеттик комитетинин төрагасынын орун басары Ш.К. Чыныбаев менен маек] / маектешкен С. Акылбеков // Кыргызстан маданияты. – 1988. – 19-май.
37. Шеримкулов, М.Ш. О задачах республиканской партийной организации по осуществлению реформы средней и высшей школы и идеологическому обеспечению перестройки в свете решений февральского (1988 г.) Пленума ЦК КПСС [Текст]: докл. / М.Ш. Шеримкулов // Сов. Киргизия. – 1988. – 22 мая.
38. Школьный, В. Профориентация: кому она нужна? [Текст] / В. Школьный // Веч. Бишкек. – 1991. – 7 мая.
39. Эмгек коллективинде патриоттук жана интернационалдык тарбия берүү [Текст]: 1987-ж 4-5-дек. өткөн респ. илимий-практикалык конф. материалдары, Фрунзе шаары. – Фрунзе: Кыргызстан,1988. – 664 б.
40. О неудовлетворительном вовлечении женщин-киргизок в промышленность, на транспорт и органы связи. Протокол №184/Б заседания бюро ЦК КП(б) Киргизии от 19мая 1951г. [Текст]. – ЦГА ОПД КР. Ф.56. ОП.4. Д.807.лл.2-6.

УДК: 101.1 (575.2) (04)

**Д.М. Айдарова**
Институт философии имени Академика
Алтмышбаева НАН КР., Бишкек, Кыргызская Республика

## ДУХОВНО-НРАВСТВЕННЫЕ ЦЕННОСТИ КЫРГЫЗОВ В УСЛОВИЯХ СОВРЕМЕННЫХ РЕАЛИЙ

**Д.М. Айдарова**
КР УИА академик А.Алтмышбаев
атындагы Философия институту

## КЫРГЫЗДАРДЫН РУХАНИЙ АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ АЗЫРКЫ УЧУРДУН ШАРТЫНДА

**D.M. Aydarova**
Institute of Philosophy A.A. Altmyshbaev
National Academy of Sciences

## SPIRITUAL AND MORAL VALUES OF THE KYRGYZ IN THE CONTEXT OF MODERN REALITIES

**Аннотация.** Статья посвящена проблеме духовно-нравственных ценностей кыргызов в условиях современных реалий. В статье отмечается, что нравственные ценности являются основой для развития духовной культуры общества. В основной части статьи подробно рассматривается ценностная база кыргызского народа, основанная на традиционных, духовных и нравственных ценностях. С этой целью автор ставит цель рассмотреть на современном этапе проблему духовно-нравственного воспитания подрастающего поколения. В связи с этим отмечается важность изучения устного народного творчества. Статья включает в себя анализ духовно-нравственных ценностей в эпосе "Манас".

**Ключевые слова:** духовность, нравственность, мораль, личность, духовно-нравственные ценности, традиционные ценности, молодое поколение, воспитание.

**Аннотация.** Макала кыргыздардын руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарынын азыркы реалдуулукка байланыштуу көйгөйүнө арналды. Макаланын негизги бөлг ндө Кыргыз элинин салтуу, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарына негизделген баалуулуктар базасы каралат. Ушул максатта автор азыркы этапта өсүп келе жаткан муунду руханий-адеп-ахлактык тарбиялоо маселесин кароо максатын коет. Буга байланыштуу элдик оозеки чыгармачылыкты изилдөөнүн маанилүүлүгү белгиленет. Макалада «Манас»эпосундагы руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарды талдоо каралган.

**Негизги сөздөр:** руханият, руханий адеп-ахлактык баалуулуктар, инсан, салтту баалуулуктар.

**Abstract.** The article is devoted to the problem of spiritual and moral values of the Kyrgyz people in the conditions of modern realities. The main part of the Kyrgyz people based on traditional, spiritual and moral values. To this end, the author sets out to consider at the present stage the problem of spiritual and moral education of the younger generation. In this regard, the importance of studying oral folk art is noted. The article includes an analysis of spiritual and moral values in the epic "Manas".

**Key words:** spiritual and moral values, personality, traditional values.